«Бекитемин»
Ош мамлекеттик
университетинин
ректору, профессор
_______ Кожобеков К.Г
"23" апрель 2024-ж.

**Ош мамлекеттик университетин**
**Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын**
**протоколунан көчүрмө №7**

**Ош ш.** **"23" апрель 2024-ж.**

**Катышкандар:** отурумдун төрагасы, кафедра башчысы ю.и.к, доцент Татенов М.Б. (12.00.02), ю.и.к., доцент Жусупов Б.А (12.00.01) (12.00.08) - ю.и.к., доцент Кольсариева Н.Н (12.00.01), ю.и.к., доцент м.а Туратбекова А.Т. (12.00.01), Карабаева К.К. (12.00.01), ю.и.к., Матисакова З.У. (12.00.01), жаанбаева Ч.К. (12.00.01), Минбаев С.А. ю.и.к, (12.00.01).

**Кафедранын мүчөлөрү:** Ибраимова Г.З., Нуркулова Н.М.,Жолдошов М.А.,Таштанбек к.А., Акпарова А.Т., Абдырахманова Г.Т., Табалдыев Н.А., Жусубалиева М.К., Асанова У.А., Жумабаева А.И., Нийматжан к.Н., Танатарова Ф.А., Аликулов Б.М.

**Отурумдун төрагасы** - кафедра башчысы ю.и.к. доцент, Татенов М.Б.

**Отурумдун катчысы** - Нийматжан к.Н.

**Күн тартибинде:**

12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовна "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" деген темадагы кандидаттык диссертациясын талкуулоо.

**Угулду:**

**Отурумдун төрагасы ю.и.к., доцент Татенов М.Б.:** Урматтуу отурумдун катышуучулары! Биздин мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасында талкулоого 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовна "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" деген темадагы кандидаттык

диссертациясы берилди. Илимий жетекчиси: профессор, юридикалык илимдеринин доктору Арабаев А.А.

Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын илимий темасы азыркы учурда актуалдуу. Автордун диссертациясы кафедранын мүчөлөрүнө таркатылган, танышууга убакыт болду, диссертация күн мурунтан эле берилген. Ошондуктан, изденүүчүнү илимий изилдөө иши боюнча жалпы отурумдун катышуучуларына баяндама жасоого чакырам.

**Изденүүчү Абдылдаева Н.У.:** Саламатсыздарбы жыйындын төрагасы жана катышуучулар! Демократиялык мамлекетти курууда жарандардын конституциялык укуктарын, анын ичиндеги шайлоо жана шайланууга болгон укуктарын камсыз кылып берүү өтө маанилүү. Шайлоо системасы мамлекеттин демократиялык нуктагы өнүгүүсүнө жол ачат, жарандын мамлекеттик башкаруу системасынын үстүндө туруусун ишке ашырат. Кыргыз Республикасынын 1993-жылы кабыл алган Конституциясынын 1-беренесинде жана андан кийинки өзгөрүүлөргө учураган Конституцияда демократиялык эркин шайлоолордун маанилүү принциптери чагылдырылып, саясий система менен чогуу шайлоочулардын укуктары жана орду бекитилип келген.

Эгемендүүлүктү алган учурдан баштап мамлекет шайлоо системасына тиешелүү ченемдик-укуктук актыларга, процесстердин өзгөрүүсүнө шарт түзүп, бирок ошол эле учурда шайлоочунун жарандык баалулуктарына, жоопкерчилигине маани берилбей калган. Ошондуктан инновациалык, санариптештирүү жактан чоң ийгиликтерге жетсек да, шайлоонун жыйынтыгы бурмаланып келет да реформанын комплекстүү жүрбөгөндүгүнөн кабар берет. Жаран – жарандуулукка ээ болуу менен гана чектелбей, эртеңки күндө өзүнүн саясий тандоосун жасап, ал үчүн жарандык жоопкерчиликти мойнуна алууга жондомдүү болушу зарыл.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк алган күнүнөн баштап мамлекеттеги саясий туруксуздуктар шайлоо процессинде орун алган адилетсиздиктер, көп сандаган мыйзам бузуулардан улам кайталанып тургандыгына байланыштуу шайлоо системасы мамлекеттин демократиялык нуктагы өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчү катары саналып изилдөөгө кызыгуу жаратып келет. Мисалы алып карасак 2005-жылдагы 24-март, 2010-жылдагы 7-апрель, 2020-жылдагы 6-октябрда болуп өткөн мамлекттик төңкорүштөрдүн бирден бир себептери шайлоонун жыйынтыгына наразычылык болгон. Укуктук мамлекетти куруунун негизги максаты - жарандардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу болуп эсептелинет, ал эми демократиялуу мамлекетте конституциялык укуктардын эң маанилүүсү

болуп, жарандын шайлоо жана шайлануу укугу болуп эсептелинет. Жаран канчалык бийик деңгээлдеги укукка ээ болсо да, ошол жоопкерчиликти сезе билүү, жарандык милдеттерин так аткарууга сабаттуулугу болушу керек, ал эми мамлекет жарандын сабаттулугун тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү менен келиши шарт.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тиешелүү булактарынын базасына сереп салып карасак, юридикалык илим менен биргеликте саясат таануучулардын, социологдордун, экономистердин жана илимдин башка тармак боюнча эксперттик жана аналитикалык материалдары басымдуулук кылаарын байкадык. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык негиздери боюнча төмөндөгү авторлордун иштери каралган: С.М.Автандилова; Н.Р. Розахунова; Б.Н. Малабаев; А.Д. Орехов; М.Д. Джумабаев; М. Дастанбеков; А. Акунов. Шайлоо укугу конституциялык укуктун бирден бир спектри катары карап чыккан авторлордун эмгектери да каралды: А.А. Арабаев, “Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу” – Бишкек, 2014. – 411 б.; Б.И. Борубашев, “Политико-правовая система кыргызского общества” – Бишкек, 2021.– 416 с.; З.К.Курманов, “Кыргыз Республикасынын шайлоо укуктары жана партиялык түзүлүш боюнча эскерткич” Бишкек, 2017. – 135 б.; С.С.Сооданбеков, М.К.Укушев, “Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу” – Бишкек, 1999.– 400 б.; Н.Т. Шерипов, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу” – Бишкек, 2015.–663 б.; А.Эсенбаев, “Институт выборов в условиях трансформации политической системы в Кыргызстане” – Бишкек, 2013.–202 с.; А. Акунов, “Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2021)” – Бишкек – 1040 б. Жогоруда көрсөтүлгөн окумуштуулардын эмгектерин, ошондой эле пост-советтик өлкөлөрдүн шайлоо системасына байланыштуу конституциялык негиздерин, жүргүзгөн реформалоо тажрыйбаларын анализдеп чыгып, конкреттүү шарттарды эске алуу менен изилдөө иши жүргүзүлдү. Пост-совет өлкөлөрү тарыхый жагынан биз менен тыгыз байланышта болгондугу, эгемендүүлүккө жетүүбүз, мамлекеттүүлүктүн калыптануусу бир учурда болушун эске алып, изилдөөдө пост-советтик өлкөлөрдүн жана орус авторлордун илимий изилдөө иштери да каралган: С.А.Авакъян; Б.И.Беленовский; Ю.Биденко; Л.Буракова; А.А.Вешняков; В.П.Горбунов; А.Граченко окумуштуулардын эмгектери, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнүн БШКнын расмий сайтындагы материалдар да колдонулган. Албетте диссертациялык иштин алкагына

Кыргыз Республикасынын Совет доорундагы жана ага чейинки доордогу шайлоо системасынын жүргүзүлүшү, аткарылышы эске алынып “Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясы” – Ф. 1978.–66 б. каралды.

**Иште коюлган изилдөөнүн максаты -** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык негиздерин теориялык жактан жана аларды өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери коюлган максатка жетүү үчүн изилдөөнүн негизги этаптары:**

1. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо.
2. Шайлоо системасынын укуктук негиздерин изилдөө.
3. Жарандын конституциялык шайлоо укугунун теориялык негиздемесин ачып көрсөтүү.
4. Шайлоо системасындагы бийлик бутактарынын ролун жана ордун аныктоо.
5. Шайлоо процессиндеги жоопкерчиликти талдоо.
6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодогу көйгөйлордү аныктоо
7. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.** Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн натыйжасында коргоого төмөнкү жоболор сунушталат:

1. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык жагдайлары мамлекеттин өнүгүүсү менен адаптацияланып, демократиянын принциптеринин алкагында өнүгүүгө кадам шашталып, жетишкен жыйынтыктар канааттандырарлык деп табылган. Бирок, ошол эле учурда шайлоо системасына терс таасирин тийгизген факторлор да өнүгүп келген, ошондуктан шайлоо таза өтүшү үчүн реформаны улантуу зарыл. Реформа жүргүзүү бир гана тиешелүү жана компетенттүү органдардын жалгыз кызыкчылыгы болуудан арылыш керек, реформа бийлик бутагынын бирдиктүү катышуусу менен гана максаттарга жетүү мүмкүн болот.
2. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын калыптанып өнүгүүсү изилденип чыкты. Шайлоо системасы жана анын алкагында болуп өткөн процесстердин хронологиялык ирети менен жазылган маалыматтар аз экен. Тарыхый учурлар шайлоо процессинен кийин кайталанып жаткандыгын эске алып, маалыматты кийинки муунга так көрсотүү менен аны кайра кайталанбоосун алып келе аларыбызды түшүнүү керек.
3. Жарандын конституциялык шайлоо укугу боюнча кепилдик Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 4-пунктунда Кыргыз Республикасынын эли эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин

жападан жалгыз булагы болуп саналат деп берилип жана Конституциянын башка беренелеринде да чагылдырылган. Жүргүзүлгөн изилдөө иштерине, талдоолорго, сурамжылоонун жыйынтыктарына таянып Конституциянын 1-беренесинин, 4-пунктун "милдеттүү" деген сөз менен толуктоо сунушталат. Ошондой эле 37-berененин 1-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого, шайланууга жана референдумга катышууга укуктуу деп берилген беренеде да жарандын милдетин белгилеп кетүү сунушталат.

4. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы 2015-жылдан бери жүргүзүлгөн реформанын жыйынтыгы канаатандырарлык, бирок реформанын улануусу жана ал билимге, маданиятка багытталган өзгөртүүлөргө басым болуусу бүгүнкү күндүн талабы.
5. 2022-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн шайлоонун жыйынтыгында баарына каршы талапкер күч алды. Баарына каршы талапкердин күч алуусу саясатчыларга болгон ишенимдин жоктугуна байланыштуу деп талкууга алынды. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 11-главасынын 60-беренесинин 3-пунктунда каралган талапкерлердин тизмесин аныктоодо саясий партия гендердик өкүлчүлүктү, жаш куракты, этносторго таандык жана мүмкүнчүлүгү чектелген талапкерлерди эске алып тизме түзүү каралган. Жаштардын өкүлдөрү үчүн каралган квотанын 15 пайыздык көрсөткүчүн 30 пайызга жогорулатуу сунушталат. Бул саясатчыларды жаңыртуунун конструктивдүү кадамы болот.
6. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 11-главасынын 65-беренесинин 4-1- пунктунда депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын мандаты кезек боюнча кийинки талапкерге бериле тургандыгы каралган жана ошол эле учурда бир гана гендердик квота боюнча "аял (эркек) жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда, аял (эркек) жынысындагы талапкерлердин ичинен бекитилсин" деп өзгөчөлөнүп берилген. Жогорудагы өзгөчөлүк ушул эле мыйзамдын 60-беренесинин 3-пунктунда каралган ар бир өкүлчүлүктөр боюнча гендердик квотага карата колдонуу сунушталат. Мисалы: "Жаш депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда, кийинки жаш талапкерлерге берилсин", "Этноско таандык депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда, кийинки этноско таандык өкүлчүлүк талапкерлерге берилсин", "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда, кийинки ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген талапкерлерге берилсин" деп өзгөртүү киргизүү сунушталат.
7. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук өнүктүрүү ролун жогорулатуу үчүн КРнын ЖКнин депутатын шайлоодо шайлоочулардын

жоопкерчилигин жогорулатып, ынтымакка бириктирүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамдын Жарандардын шайлоо укуктары аттуу 1-главасына "Элдик наказ" деп 12-берене менен толуктоо сунушталат. Шайлоочулар талапкерлердин программасынын негизинде наказдарын жазып, андан соң айыл өкмөтүнүндө бекитилип Аймактык шайлоо комиссиясына өткөрүлүп берилиши керек. Элдик наказ Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы бекиткен форма боюнча берилүүсү шарт. Шайлоочулар менен Элдик Курултайлардын активдүү иш алып баруусуна мыйзам ченеминде шарт түзүлөт. Элдик курултай өкүлдөрү жер-жерлерде шайлоочулар менен тыгыз иштеп талапкерлерге наказ жазып Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренесинин, 1-2-пунктарында "1.Элдик Курултай - коомдук-өкүлчүлүктүү жыйын. Элдик Курултай кеңешүүчү, байкоочу жыйын катары коомдун өнүгүү багыттары боюнча сунуштамаларды берет – деп белгиленген укугун аткарууга мүмкүнчүлүк алышат. Ошондой эле шайлоочу жеке өз кызыкчылыгын эмес, жергиликтүү аймактын, коомчулуктун жалпы кызыкчылыгын көздөөгө багыт алат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** «Жарандын шайлоо укуктары жана шайлоо процесси» деген теманын алкагында 2015-2021-жылдар ичи И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Гуманитардык билимдер факультетинин студентери үчүн тренингтер уюштурулуп, биометрикалык паспорт, АСУ, электрондук протокол сыяктуу жаңы киргизилген өзгөчөлүктөр боюнча маалымат таркатылып турду. Өтүлгөн тренингтердин негизинде 2019-жылы «Жалпы шайлоо укуктар жана процесси» окуу-методикалык колдонмо иштелип чыгып, 01.07.2019 жылы окумуштуулар кеңешинин №9 протоколу менен бекилип колдонууга берилди.

**Диссертациянын натыйжаларын апробациялоосу** Кыргыз Республикасынын борбордук шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча комиссиясынын Шайлоо технологиялар борборунун жетекчиси болуп 2015-2019-жылдар ичи эмгектенип, тажрыйбам илимий изилдөө иштеримде колдонулду. 2013-2015-жылдары Х. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин «Саясат таануу» боюнча магистратура бөлүмүндө окуп, "Кыргызстандын шайлоо системасынын саясий жана укуктук аспекттери" темада магистрдик иш жакталды. Диссертациялык иште каралган талдоолор менен практикалык сунуштарды тиешелүү мыйзамдардын долбоорлорун талкуулоодо колдонууга эске алууну суранып Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитетине кат тапшырылган, ушул эле кат Борбордук шайлоо комиссияга да тапшырылып, комиссиялык топ карап чыгат, талдоолор менен сунуштар эске алынат деген жооп алынган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги жыйнактары бир нече эл аралык жыйнактарда жана илимий-практикалык конференциялардагы баяндамаларда, илимий билдирүүлөрдө чагылдырылган, ошондой эле атайын Кыргыз Республикасынын илимий жыйнактарында жалпы жонунан 12 илимий макала жана 1 окуу-методикалык колдонмо басылып чыккан.

Мен ушуну менен сөзүмдү жыйынтыктайм, көңүл бурагныңыздар үчүн рахмат!

**Татенов М.Б.:** Чоң рахмат Наргиза Уркасымовна, иденүүчүгө суроо берип талкулоого өтөлү. Диссертант Абдылдаева Наргиза Уркасымовнага суроoңуздар болсо берсеңиздер болот.

**Жусупов Б.А:** Урматтуу кесиптештер, мамлекеттик тилде жазылган бул илимий изилдоө иши укук илиминдеги чоң жетишкендик деп эсептейм. Бүгүнкү отурумда талкуулап жаткан диссертациялык иштин темасы учурда актуалдуу 2005-жылдагы 24-март, 2010-жылдагы 7-апрель, 2020-жылдагы 6-октябрь айларында болгон мамлекеттик төңкөрүштөр жана башка майда жаңжалдар Кыргызстандагы шайлоо процессинин өтүшү өтө татаал абалда болуп келгендигине далил болот. Н. Абдылдаеванын диссертациясы менен таанышып чыгып Сиздин темага байланыштуу мыкты жазылган А.В. Якушевдин, А.А. Акуновдун шайлоо тутумунун конституциялык негиздери чагылдырылган китептерин көрө алган жокмун, ушуну эске алып, авторлордун китептери менен таанышып чыгып пайдалансаңыз деген сунуш берем. Менин суром – айтыңызчы изилдөөнүн илимий жаңылыгы эмнеде?

**Абдылдаева Н.У:** Суроoңузга жана берген сунушуңузга чоң рахмат. 2006-жылдан бери шайлоо системасына байланыштуу тармактарда иштерди аркалап келдим, бул тармакта жүргүзүлгөн реформаларга катышып жана бул аспектте жазылган көп илимий материалдар менен таныштым. Илимий ишимде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынында 2010-жылдан 2023-жылга чейинки болуп өткөн Референдум, Президенттик, Жогорку Кеңештин депутаттарынын шайлоолоруна анализ жүргүзүлүп маалыматтар топтолуп бир форматта жыйынтыкталды. Мындай түрдөгү маалымат илимий макалаларды, изилдөө иштерин жүргүзүүдө ишти жеңилдетүүчү маалымат катары бааласа болот. Топтолгон маалыматтарда 2010-жылдан 2023-жылга чейинки шайлоо процессинин төнөдөгү маалыматтары камтылган: шайлоочулардын жалпы саны; анын ичинен шайлоого катышкандардын саны; канчасы баарына каршы добуш берген; канчасы кайсыл талапкерлерге добуш бергендиги. Ошондой эле жүргүзүлгөн анализдин негизинде шайлоочулардын жылдан жылга шайлоо укугун ишке ашырууга болгон кызыгуусунун төмөндөөсү менен баарына каршы

талапкердин күч алуусу сандарга таянып көрсөтүлүп, жана жарандардын көз караштары менен бирге баалулуктардын өзгөрүүсү белгиленди. Диссертациялык иште берилген анализ жаш окумуштуулардын шайлоо тутумунун конституциялык негиздерине байланыштуу темага кызыгууларын артырып илимий изилдөө иштерине түрткү болуп берет деп ишенебиз.

**Кольсариева Н.Н.:**Сиздин сунуштап жаткан илимий иш актуалдуу жөнүндө жогоруда белгиленип кетти ошондуктан мен дароо суроо узатайын, сиз диссертациялык ишиңиздин 7-бетинде мындай деп белиглеп жатасыз 2015-жылдагы шайлоого киргизилген реформалардан кийин, шайлоонун жыйынтыгын бурмалоо дээрлик кыйындап калды, бирок ошого карабастан, кайсыл бир убакта популярдуу эмес болгон бурмалоонун түрлөрү активдүү колдонула башталды. Башкача айтканда автоматтык эсептөө урналары, биометрикалык паспорт шайлоонун жыйынтыгын бурмалоосун жокко чыгара алган жокбу?

**Абдылдаева Н.У.:** Рахмат. Шайлоо системасына киргизилген автоматташтырылган техникалар, биометрикалык паспорттор, шайлоочулардын электрондук ачык тизмелери шайлоонун жыйынтыгы таза, атаандаштык жол менен өткөрүүгө мүмкүнчүлүк ачты, бирок ошол эле учурда чындап кыйын талапкер жеңишке ээ болоруна толук кепилдик берүү кыйын.

Автоматтык эсептөө урналары менен биометрикалык паспорттун колдонулушу аркылуу фальцификациянын көптөгөн түрлөрү жокко чыгарылды. Мисалы: бир эле адамдын кайра-кайра добуш берүүсү, башкача айтканда айлампа ыкмасын колдонуу; каза болгон жарандардын шайлоо тизмесине киргизилиши; бюллетендерди саноодо жана добуштардын жыйынтыгын чыгаруудагы ар кандай процедуралардын бузулушу сыяктуу мыйзам бузууларга бөгөт коюлду. Бирок ошол эле учурда анча популярдуу эмес бурмалоо болуп эсептелинген добуш сатып алуу күчүнө кирди. Дал ушул бурмалоонун түрү 2020-жылдын 4-октябрь айында болгон Жогорку Кеңештин депутатарын шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылды, анын себеби, форма №2 аркылуу 2020-жылдын 4-октябрында болуп өткөн парламенттик шайлоодо 471 миң жаран өз дарегин алмаштыруу аркылуу шайлоо жыйынтыгын бурмалоого барышкан.

**Минбаев С.А.:** Сиздин ишиңизде кээ бир терминдер кыргыз тилине туура эмес которулган, сизге сунуштайт элем 2014-жылы юридикалык терминдердин түшүнүктөрдүн орусча-кыргызча сөздүгүн колдонуп диссертациялык иштеги кээ бир терминдерди кайра карап чыгууну. Сунуштап жаткан сөздүк мыйзам чыгарууда колдонулган терминдердин

бирдиктүү тизмегин түзүү максатында иштелип чыккан жана терминологияларды кыргыз
тилине туура которууга, котормолордун сапатын жакшыртууга сизге мүмкүндүк берет. Сиз кайсыл сөздүк менен иштединиз?

**Абдылдаева Н.У.:** Рахмат сиздин берген сунушту эске алып, сунушталган сөздүк менен таанышып чыгып, терминдердин которулушуна оңдоп түзөөлөрдү киргизип чыгам. Юридикалык терминдерди которууда мен мыйзамдарга басым жасадым. Тиешелүү мыйзамдарды орус жана кыргыз тилинде окуп терминдерди которууга аракет жасалды. Корутундуларды өз сөзүм менен оюмду жазганыма байланыштуу кээ бир терминдер орус тилинде жазылып калыптыр. Бул кемчиликтин үстүндө иштеп чыгам. Сиздин берген сунуш мен үчүн пайдалуу болду жана эске алынат.

**Татенов М.Б.:** Урматуу коллегалар изденип алуучуга дагы суроолор барбы? Жок болсо анда талкууга өтүүгө уруксат бергиле. Азыр сөздү изденип алуучунун реңензенти Жусупов Болот Асановичке берилет.

**Жусупов Б.А.:**(реңензент): Рахмат! Бүгүнкү Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын отурумунда талкуулап жаткан диссертациянын темасынын актуалдуугу талашсыз факт. Анткени, шайлоо процессиндеги реформанын маанилүү элементтеринин бири - шайлоонун жыйынтыгын бурмалоого жол бербөө болчу, себеби, шайлоонун жыйынтыгынан улам мамлекеттик төңкөрүш эки ирет кайталанды. Андан соң
шайлоо системасында олуттуу реформалар болуп өттү, бирок реформанын улантуу Кыргызстан үчүн өтө маанилүү экендигин 2020-жылы 4-октябрда болуп өткөн шайлоонун жыйынтыгы тастыктады.

Бул диссертациялык изилдөөдө автор тарабынан жакшы анализ жүргүзүлүп, жыйынтыктары диаграмма түрүндө түшүнүктүү берилген, эмгекте автордун ой жүгүртүлүүсү жана ыраатуулугу менен айырмаланат деп айталам. Буга себеп катары  автордун шайлоо тутумундагы иш тажрыйбасы 2006-жылдан бери уланып келгендигине байланыштуу. Диссертациялык иште эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхы жана реформалар жогорку деңгээлде ачылып берилген.

Диссертацияда баяндалган тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин талдоодон жана жалпылоодон алынган анык булактарга, ошондой эле адабий булактардын кеңири чөйрөсүнө, бири биринен ажыратылып массалык түрдө талданган, архивдик жана практикалык материалдарга негизделген. Негизинен иликтөө иши талапка ылайык жазылган. Ал эми юридикалык терминдерди колдонуу менен мамлекеттик тилде жазылгандыгы бул илимий

изилдөө ишинин бирден бир өзгөчолүгү деп айтсак болот. Иш боюнча өзүмдүн сын пикиримди каалоо катарында айта кетейин дедим эле. Албетте диссертациялык иште кемчиликтер бар, бирок ал кемчиликтерди жокко чыгаруу мүмкүн. Кемчиликтер туралуу кыска сунуштарымды белгилеп кетейин:

- диссертациянын структурасын ЖАКтын талабын карап чыгып өзгөртүүлөрдү киргизип чыгыңыз;
- илимий жанылыкка конкретизацияны киргизиңиз, бул да негизги жана орчундуу талаптардын бири; адабият тизмесин ЖАКтын талаптарын эске алып жазып чыгыңыз;
- ссылкаларга да коңүл буруңуз, берилген талапка салыңыз.

Мындан башка өзгөчө сын-пикирлер жок. Диссертациялык ишке бүгүнкү айтылган сын-пикирлер эске алынып оңдоп түзөөлөр киргизилсе диссертациялык иш талаптарга жооп берет жана Абдылдаева Н.У. «юридика илимдеринин кандидаты» окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептеймин.

Абдылдаева Н.У. "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" деген темадагы жазылган диссертациясы коргоого Диссертациялык Кеңешке сунуштаймын.

**Татенов М.Б.:** Кийинки сөздү изденүүчүнүн рецензенти ю.и.к, Минбаев С.А берилет.

**Минбаев С.А.:** (рецензент): Рахмат! Уруксат берсеңиздер мен диссертация боюнча пикиримди айтып кетсем. Абдылдаева Наргиза Уркасымовна тарабынан сунушталган илимий иштин темасы учур талабына жоп берет. Диссертациялык изилдөө өз алдынча аткарылган илимий иш катары бааласак болот жана анын натыйжалары Кыргыз Республикасындагы шайлоо мыйзам актыларын калыптануусун жана өнүгүүсүн изилдөөдөн келип чыккан. Иштеги алынып чыккан жоболор илимий изилдөөнүн жаңылыгын жана практикалык маанисин түзөт, Кыргыз Республикасында шайлоо системасындагы мамилелерди жөнгө салуучу мыйзам актыларына өзгөртүү толуктоолорду киргизүүгө, жакшыртууга багытталган. Абдылдаева Н.У. тарабынан жарык көргөн статьялардын саны жетиштүү жана КР ЖАК тарабынан коюлган талаптарга ылайык. Айтып кетүүчү жагдай автор диссертациянын темасы боюнча эл аралык жана республикалык масштабдагы илимий конференцияларда баяндоо жасаган. Абдылдаева Н.У. илимге жөндөмү бар, тажрыйбасы көп, аракети чоң деп айтасак болот. Айтып кетчү жагдай, талкуулап жаткан диссертация боюнча пикирим оң, кээ бир кемчиликтерге көңүл буруу зарыл:

- илимий ишти КР ЖАКнын талаптарына келтирүү;

- кээ бир маалыматтарды жаңыртуу керек, мисалы аткаруу бийлигине тиешелүү аталыштар, ошондой эле Адам жана коом китебине өзгөртүүлөр киргизилип бүгүнкү күндө апробацияда.

Жыйынтыктап айтканда, Н.Абдылдаеванын илимий изилдөөсү КР ЖАК талаптарына толугу менен жооп берет жана Н.Абдылдаеванын "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" деген темадагы жазылган диссертациялык ишин коргоого сунуштаймын, автор юридика илимдеринин кандидаты илимий даража алууга татыктуу.

**Татенов М.Б.:** Бүгүнкү отурумдун катышуучулары диссертациянын жакшы жактарын айтышты. Мен дагы авторго ийгилик каалоо менен бирге диссертациялык ишти диссертациялык кеңеште коргоого сунуштайм. Кесиптештерим тарабынан айтылган сын пикирлер сунуш мүнөзүнө ээ, ал илимий иштин жалпы баасына практикалык манисине таасир этпейт. Жогорудагы айтылган сын прикирлерди эске алуу менен аны коргоого сунуштасак болот. Добуш берүүңздөрдү суранам.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

- "Макул" - талкууга катышкан бардыгы.
- "Каршы"- жок.
- "Калыс" - жок .

Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча Абдылдаева Н.У. диссертациясын коргоо үчүн макул болгондор.

**Ош мамлекеттик университетинин**
**Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын,**
изденүүчүсү 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" деген темасындагы кандидаттык диссертациясына

## КОРУТУНДУ

**1.Илимий изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Жарандын шайлоо укугун колдонуп шайлоого катышып берүүсү мамлекеттин келечеги үчүн маанилүү. Саясий партияларды, саясатчыларды, жеригиликтүү бийлик органдарына өкүлдөрдү тандоо олуттуу жана узак мөөнөттүү кесепеттерге алып келет. Электоралдык механизмдердин аркасында шайланган адамдар мамлекеттин саясий багытын аныктаган жана чечим кабыл алган өкмөттүн деңгээлинде көтөрүп, экономикалык өсүүнүн темпине, кирешелерди жана байлыктарды бөлүштүрүүгө, билим берүүнүн

жеткиликтүүлүгүнө, өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө, инвестициялык активдүүлүгүнө таасир этет. Шайлоолор элитанын жаңыртылып турушун, саясий платформалардын атаандаштыгын, ар кайсы саясий топтор үчүн бийлик бутактарынын ачык болушун, калктын бардык соңиалдык катмарлары үчүн ресурстардын бирдей деңгээлде жеткиликтүү болушун камсыз кылып берүүсү керек. Башкача айтканда шайлоо бул, добуш берүү менен мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын түзүү ыкмасы. Жарандардын өзүнүн тандап алуу укугун жүзөгө ашыруусу мамлекетти башкарууга катышуусунун эң маанилүү көрүнүшүнүн бири болуп саналат. Кыргыз Республикасы шайлоо тажрыйбасы, шайлоого киригизилген инновациялык жаңылыктары менен коңшу мамлекеттерден алдыга озуп кеткен. Бирок ошол эле учурда анчалык денгээлде Кыргыз Республикасынын шайлоо тутуму Конституциялык негиздерди аткарып, демократиялык нукта иштеп жатканы изилдөө иштерине таянып диссертациялык иште чыгылдырылган. Бүгүнкү күндө укуктук сабаттуулук проблемасы коомдук турмуштун бардык тармактарында актуалдуу болууда. Укуктук аң-сезимди, укуктук маданиятты жана укук мейкиндигинде жашоону калыптандырууга багытталган укуктук билим берүү маанилүү, себеби мамлекеттеги көп көйгөйлөрдү чечүүнүн негизги жолу катары калктын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу деп айтсак болот.

**2. Изилдөөнүн жыйынтыктарын алууда автордун жеке катышы жана изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Шайлоо системасындагы реформа бирдиктүү жүргүзүлүп, жана ал бир гана тиешелүү органдардын (БШК, АШК, УШК, укук коргоо органдары) жалгыз кызыкчылыгы болбошу керектиги тууралуу ошону менен бирге мамлекеттик идеологиянын бекемделишине багытталышы сунушталат. Коомдогу руханий-адеп-ахлактык, маданий баалуулуктар өзгөчө мааниге ээ болуп, багыттоочу күч болуушу керектиги жазылган. Жарандардын, өзгөчө жаш муундун руханий-адеп-ахлактык абалына маани берилбесе санариптүү реформа таза шайлоону ишке ашыруу оор деп белгилеген. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы эл аралык шайлоо стандартына жооп берет, бирок, ошол эле учурда шайлоочунун моралдык жагы төмөн, ушуга байланыштуу шайлоого катышууну “укук” деп эле таанылбастан, “милдет” катары да кабыл алышы бүгүнкү күндүн талабы болуп турат деп белигеп кетти. Шайлоочулардын баарына каршы талапкерге добуш берүүсү же болбосо шайлоого катпышпай койгондугунун себептерине токтолуп, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын бир нече беренелерине өзгөртүү киргизүү сунушталды.

**3. Диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары** Жогорку Аттестациялык Комиссиянын тизмегине кирген илимий басылмаларда, автордун эмгектеринде жарык көргөн. Диссертациялык изилдөө аягына чыккан илимий изилдөө эмгеги болуп саналат.

**4. Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндөгү тыянактар, практикалык сунуштар Кыргыз Республикасында шайлоо жаатында мыйзам чыгаруу, укук колдонуу практикасында, бул чөйрөдөгү изилдөөлөрдө, окуу процессинде, атайын курстарда колдонулушу мүмкүн. Диссертациядагы сунуштар мамлекеттин шайлоо системасындагы мыйзам чыгаруу, саясатын иштеп чыгууда, алардын негизги багыттарын аныктоодо колдонулушу мүмкүн. Изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы аткарылган диссертациянын түзүлүшү жана мазмуну боюнча 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистигине туура келет.

**Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын ТОКТОМУ:**

1. 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруунун кошумча программасы жана юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө көрсотүлгөн изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" деген темасындагы кандидаттык диссертациясын Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасында талкулоо боюнча корутундусу бекитилсин.
2. Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” деген темасындагы кандидаттык диссертациясы жактырылсын жана айтылган сын пикрилерди эске алуу менен диссертациялык кеңеште 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын коргоого сунушталсын.

**Отурумдун төрагасы**
**ю.и.к., доцент:** **Татенов М.Б.**

**Отурумдун катчысы:** **Нийматжан к.Н**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

**Кол тамгасын тастыктаймын (ФИО)**

Ош МУ
Тастыктаймын
20 24 ж. « 23 » апрель
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.